ISSN 1694-7649

# НАУКА НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА



Копия верна
Уч. секретарь

КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ АКАДЕМИЯ ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ И СПОРТА
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

## ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ
## ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ
## HISTORICAL SCIENCES


*Аманmicr уулу Ч.*
«МАЖМУ АТ-ТАВОРИХТЕГИ» КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ИЧКИЛИК БӨЛҮМҮНӨ ТИЕШЕЛҮҮ МААЛЫМАТТАРДЫ ТАЛДОО............................162

*Амантур уулу Ч.*
АНАЛИЗ ДАННЫХ РУКОПИСИ «МАЖМУ АТ-ТАВОРИХА» ОТНОСЯЩИЕСЯ К ЧАСТИ ИЧКИЛИК КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА.................162

*Amantur uulu Ch.*
ANALYSIS OF THE MANUSCRIPT «MAJMU AT-TAVORIH» DATA RELATING TO THE PART OF THE ICHKULIK OF THE KYRGYZ PEOPLE.....................................162

*Бейсебаев Р.С.*
КЫРГЫЗ-ТҮРК САЯСИЙ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК: ТАРЫХЫЙ АНАЛИЗИ (1991-2016-жж.)..............166

*Бейсебаев Р.С.*
КЫРГЫЗСКО-ТУРЕЦКОЕ ПОЛИТИКО-ЭКОНОМИЧЕСКОЕ СОТРУДНИЧЕСТВО: ИСТОРИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ (1991-2016 гг.).........166

*R.S. Beisebaev*
KYRGYZ-TURKISH POLITICAL AND ECONOMIC COOPERATION: HISTORICAL ANALISIS (1991-2016)...................166


## САЯСИЙ ИЛИМДЕР
## ПОЛИТИЧЕСКИЕ НАУКИ
## POLITICAL SCIENCES


*Кадыркулова А.С.*
ФРАНЦИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ САЯСАТЫНДАГЫ МАДАНИЯТТЫН АРТЫКЧЫЛЫГЫ....................171

*Кадыркулова А.С.*
ПРИОРИТЕТ КУЛЬТУРЫ ВО ВНЕШНЕЙ ПОЛИТИКЕ ФРАНЦУЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ....171

*A.S. Kadyrkulova*
PRIORITY OF CULTURE IN THE FOREIGN POLICY OF THE FRENCH REPUBLIC...............................171

*Даулетова З.М.*
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН КАЗАХСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЯСИЙ СИСТЕМАЛАРЫН САЛЫШТЫРУУ АНАЛИЗИ.........................................175

*Даулетова З.М.*
СРАВНИТЕЛЬНЫЙ АНАЛИЗ ПОЛИТИЧЕСКИХ СИСТЕМ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И РЕСПУБЛИКИ КАЗАХСТАН...............................175

*Z.M. Dauletova*
COMPARISON ANALYZE OF POLITICAL SYSTEMS OF KYRGYZ REPUBLIC AND REPUBLIC OF KAZAKHSTAN..................175


## ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ
## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PEDAGOGICAL SCIENCES


*Озтюрк М.Ш.*
ТУРИЗМ ЖАНА КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ ТАРМАГЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН СОЦИАЛДЫК ЖАНА КОММУНИКАТИВДИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДА «ЧЕТ ТИЛДИН» РОЛУ...........................................179

*Озтюрк М.Ш.*
РОЛЬ ДИСЦИПЛИНЫ «ИНОСТРАННЫЙ ЯЗЫК» В ФОРМИРОВАНИИ СОЦИАЛЬНЫХ И КОММУНИКАТИВНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ СТУДЕНТОВ СФЕРЫ ТУРИЗМА И СЕРВИСА...179

*M.Sh. Ozturk*
THE ROLE OF THE «FOREIGN LANGUAGE» DISCIPLINE IN FORMATION OF SOCIAL AND COMMUNICATIVE COMPETENCES OF TOURISM STUDENTS........................................179

*Жакипов А.Ж.*
КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КЫЙМЫЛДУУ ОЮНДАРЫНЫН ДЕНЕ ТАРБИЯ САБАГЫНДА КОЛДОНУЛУШУНУН НЕГИЗДЕРИ....................183

*Жакипов А.Ж.*
ОСОБЕННОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ПОДВИЖНЫХ ИГР КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА НА УРОКАХ ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ ..........183

*A.Zh. Zhakipov*
ESPECIALLY USE OF MOBILE GAMES OF THE KYRGYZ PEOPLE ON THE LESSONS OF PHYSICAL CULTURE.......................................183

*Толоев М.Ж.*
ОКУУЧУЛАРДЫН АГРЕССИВДҮҮЛҮГҮН АЛДЫН АЛУУДА АТА-ЭНЕНИН ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛАГА КЫЛГАН МАМИЛЕСИ МААНИЛҮҮ ФАКТОР КАТАРЫ...................................................188

*Толоев М.Ж.*
ОТНОШЕНИЕ РОДИТЕЛЕЙ В СЕМЬЕ КАК ВАЖНЫЙ ФАКТОР В ПРЕДОТВРАЩЕНИИ АГРЕССИВНОСТИ УЧАЩИХСЯ.........................188

*M.J. Toloev*
THE ATTITUDE OF PARENTS IN THE FAMILY IS AN IMPORTANT FACTOR IN PREVENTING STUDENT'S AGRESSIVENESS...............................188

*Ташбаев А.М., Атабаев С.К.*
ЭКОНОМИКА БАГЫТЫНДАГЫ СТУДЕНТТЕРДИН ПРОФЕССИОНАЛДЫК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН ЭКОНОМЕТРИКА ПРЕДМЕТИН ОКУТУУДА КАЛЫПТАНДЫРУУ...............................................192

*Ташбаев А.М., Атабаев С.К.*
ФОРМИРОВАНИЕ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ СТУДЕНТОВ ЭКОНОМИЧЕСКОГО НАПРАВЛЕНИЯ ПРИ ОБУЧЕНИИ ПРЕДМЕТА ЭКОНОМЕТРИКА.....................................................192

10-10

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, №5, 2018

*Жакипов А.Ж.*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КЫЙМЫЛДУУ ОЮНДАРЫНЫН ДЕНЕ ТАРБИЯ САБАГЫНДА КОЛДОНУЛУШУНУН НЕГИЗДЕРИ

*Жакипов А.Ж.*

# ОСОБЕННОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ПОДВИЖНЫХ ИГР КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА НА УРОКАХ ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ

*A.Zh. Zhakipov*

# ESPECIALLY USE OF MOBILE GAMES OF THE KYRGYZ PEOPLE ON THE LESSONS OF PHYSICAL CULTURE

*УДК: 371/371:132*

*Бул илимий методикалык макалада кыргыз элинин кыймылдуу оюндарынын жалпы билим берүү мектептериндеги дене тарбия сабагындагы педагогикалык өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн. Мектеп окуучуларынын дене тарбиясынын билими, тарбиялоо жана ден соолукту чыңдоо милдеттерин замандын талаптарына ыйлайыктуу чечүүдө Республикалык Ден Соолук Дене Тарбия комплексинин талаптарын аткарууга даярдоодо элдик оюндардын жана көнүгүүлөрүн машыгууларда (сабактарда) колдонуу каралып, окуу программаларын иштеп чыгууга, ошондой эле практика жүзүндө колдонууга мүмкүндүк берет. Мындай илимий иш-аракеттердин жүрүшүндө педагогикалык, психологиялык, социалдык жана демографиялык өзгөчөлүктөр эске алынган. Ошондуктан, мектептеги дене тарбия сабактарында Кыргыз элдик кыймылдуу оюндарды жана көнүгүүлөрдү жетишерлүү пайдаланууну көздөгөн максаттуу дене тарбиянын негизинде Республикалык Ден Соолук Дене Тарбия комплексинин талаптарын (нормаларын) ийгиликтүү аткаруу үчүн регионордогу мектептердеги 4-6 класстардын окуучуларынын дене тарбиялык жагынан даярдыктарынын деңгээлин жогорулатуу маанилүү болот.*

*Негизги сөздөр: Кыргыз Республикасы, ден соолук, дене тарбия, элдик оюндар, тарбиялоо, ден соолукту чыңдоо, демографиялык өзгөчөлүктөр, иш пландар, жаш муундар, коюлган талаптар, педагогикалык шарттар, дене тарбиянын теориясы жана методикасы.*

*В данной статье рассматриваются особенности использования кыргызских народных подвижных игр на уроках физической культуры с учащимися 4-6 классов общеобразовательной школы. С учетом предъявляемых требований республиканского физкультурного комплекса и в успешном решении образовательных, воспитательных и оздоровительных задач, в разработке соответствующих рабочих программ и планов работ по эффективному использованию кыргызских народных подвижных игр и физических упражнений, а также с учетом демографических условий республики, материально-технической обеспеченности школ была осуществлена экспериментальная работа, направленная на повышение эффективности школьной физической культуры. В ходе осуществления экспериментальной работы были учтены педагогические, психологические, социальные и демографические особенности соответствующих регионов. В связи с этим, в процессе использования кыргызских народных подвижных игр и физических упражнений прилагались усилия к их подготовке и сдаче норм и требований республиканского физкультурного комплекса Ден Соолук, тем самым повысить эффективность всей школьной системы физической культуры, особенно с учащимися 4-6 классов.*

*Ключевые слова: Кыргызская Республика, здоровье, физическое воспитание, народные подвижные игры, физические упражнения, общеобразовательная школа, учащиеся, воспитание, оздоровление, подрастающее поколение, предъявляемые требования, педагогические условия, теория и практика физического воспитания.*

*This article discusses the features of the use of Kyrgyz folk outdoor games in physical education lessons with disciple's 4-6 classes of secondary school. Subject to the requirements of the Republican sports complex and in successfully addressing the educational, educational and health objectives in developing appropriate work programmes and work plans for the efficient use of the Kyrgyz national outdoor games and physical exercises, and also taking into account the demographic conditions of the Republic, material and technical provision of schools was carried out experimental work aimed at improving the effectiveness of school physical culture. The experimental work took into account the pedagogical, psychological, social and demographic characteristics of the regions concerned. In connection with this, in the process of using the Kyrgyz national outdoor games and physical exercises, efforts were made to prepare and deliver the norms and requirements of the Republican sports complex Den Sooluk, thereby improving the efficiency of the entire school system of physical culture, especially with students in grades 4-6.*

*Key words: Kyrgyz Republic, health, physical education, folk outdoor games, physical exercises, general education school, students, education, health improvement, the younger generation, the requirements, pedagogical conditions, theory and practice of physical education.*

Өсүп келе жаткан муунду дене тарбиялык жактан тарбиялоо ар дайым мамлекеттин жана КР Өкмөтүнүн негизги милдеттеринин бири болуп келген. Жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын дене тарбиясы жөнүндө дайыма кам көрүү, окутуу-тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатууга, материалдык-техникалык базасын чыңдоого, педагогикалык кадрлардын квалификациялык өсүү системасын өркүндөтүүгө багытталган бир катар ырааттуу чечимдерде жана токтомдордо даана чагылдырылат. Булардын бардыгы КР көп кырдуу маданий деңгээлин калыптандырууга жана өркүндөтүүгө багытталып, анын дене тарбиясы сыяктуу бөлүгүн дагы өзүндө камтыган улуттук саясаттын жаңылануусу менен органикалык биримдикте жүзөгө ашырылат.

Талкууланып жаткан ойдун башатында калың катмарга таркалуусуну жана Олимпиада оюндарынын

программасына киргендиги менен гана эмес, республикалык "Ден Соолук" дене тарбия комплексинде татыктуу ордун таап, Кыргызстандын элдеринин дене тарбиялык бай дөөлөттөрүн ачып берген бир катар дене тарбия көнүгүүлөрүнүн кеңири таралышы катарындагы маанилүү жагдайды дагы белгилей кетүү зарыл.

Педагогика илими жана дене тарбия практикасы эчактан бери эле кыргыз элдик оюндарынын жана дене тарбия көнүгүүлөрүнүн бай мурастарын окутуу-тарбиялоонун процессинде кеңири пайдалануу жолуна түшкөн. Бирок ушул күнгө чейин ал өзүнүн толук кандуу илимий негизделишине ээ боло элек. Баарынан да республикалык "Ден Соолук" дене тарбия комплексинин талаптарын аткарууга даярдоого көмөктөшүү максатында кыймылдуу оюндарын жана дене тарбия көнүгүүлөрүн колдонууга арналган системага салынбаган, фрагменталдык тигил же бул илимий изилдөөлөр начар өнүгүп жатат.

КР жаш муундун дене тарбиясынын милдеттерин ийгиликтүү чечүүдө жана аны "Ден Соолук" комплексинин талаптарын аткарууга даярдоодо кыймылдуу оюндарын жана дене тарбия көнүгүүлөрүн милдеттүү, кошумча, ошондой эле демилгелөө сабактары катарында колдонууну караштырып, өсүп келе жаткан муунду калыптандыруу системасынын ар түрдүү звенолору үчүн дене тарбиясы боюнча окуу программасын иштеп чыгуу жана практикага киргизүүгө мүмкүндүк берет. Албетте, мындай иштин жүрүшүндө этнопедагогикалык, географиялык, климаттык жана демографиялык өзгөчөлүктөр эске алынышы керек. Ушуну менен катар, дене тарбия ишинин материалдык-техникалык жабдылышы, анын методикалык камсыздалышы, башкаруунун азыркы учурдагы системасы жана көптөгөн башка жактар азырынча оптималдуу эмес болуп жаткандыгын көңүлдөн чыгарбоо керек.

Көрсөтүлгөн шарттар абдан маанилүү. Аны менен катар, кыргыз элдик оюндарын жана дене тарбия көнүгүүлөрүн кеңири жана негиздүү колдонуу аркылуу, өзгөчө айыл мектептеринин окуучуларын "Ден Соолук" комплексинин нормаларын тапшырууга даярдоого тажрыйбалык жактан негизделген изилдөөбүздү өз убагында колго алынган жана архиактуалдуу деп эсептейбиз.

Тарбия берүүнүн аталган ыкмаларын жакшылап түшүнүү үчүн негизгилерин белгилеп алалы: эгерде оюн деп бирдиктүү мааниси жана сюжети биригип, кыймыл–аракеттердин башкалардан бөтөнчөлөнгөн комплекси эсептелинсе, ар бир оюнду толук кандуу колдонууда ар түрдүү логикалык өз ара байланышкан айкын кыймыл-аракеттерди өзүндө камтыйт. Алардын мындай өз ара аракеттенишүүсү өзгөчө методикалык мааниге ээ: натыйжалуу ойноо үчүн, оюндун кыймыл-аракеттик мазмунун, анын бардык элементтеринде, бөлүктөрүндө жана алардын айкалыштарында жакшы өздөштүрүү керек.

Эмгек Кыргыз Дене тарбия жана Спорт академиясы "Педагогикалык кадрларды даярдоо системасын жакшыртуу" темасындагы илимий-изилдөө ишинин перспективалдуу планына ылайык аткарылган.

**Изилдөөнүн максаты** – дене тарбия сабактарында Кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын жана көнүгүүлөрүн кеңири пайдаланууну көздөгөн максаттуу дене тарбиянын негизинде "Ден Соолук" комплексинин нормаларын ийгиликтүү тапшыруу үчүн айыл мектептериндеги 4-6 класстардын окуучуларынын дене тарбиясы жагынан даярдыктарынын деңгээлин жогорулатуу.

Максат жана жумушчу гипотеза бир катар тиешелүү милдеттердин чечүүнү караштырат.

1. Кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын жана көнүгүүлөрүн билим берүү мектептеринин 4–6 класстарынын окуучуларынын дене тарбия программасына киргизүү жана ушунун негизинде окуучуларды «Ден Соолук» комплексин тапшырууга даярдоо максатында аларды тандап алуу жана системалаштыруу.

2. Кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын жана көнүгүүлөрүн колдонуу менен орто класстарында дене тарбия сабактардын методикасынын жалпы негиздерин жана ордун аныктоо.

3. Жогоруда көрсөтүлгөн класстардын окуучуларынын дене тарбиялык жактан ар тараптуу даярдоодо кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын жана көнүгүүлөрүн пайдалануунун натыйжалуулугун ачып берүү.

Ушунун негизинде көрсөтүлгөн шарттарда аларды колдонуунун мүнөздүү эрежелери аныкталган.

Атайын уюштурулган педагогикалык тажрыйбасынын материалында жеңил атлетика, гимнастика, спорттук оюндар, сууда сүзүү, кыймылдуу оюндар, шанга тебүүгө даярдануу сыяктуу дене тарбия боюнча мектептин окуу программасынын бөлүмдөрүн өздөштүрүүгө карата дене тарбиянын аталган каражаттарынын реалдуу таасири белгиленген. Ушулардын бардыгы толук кандуу материалга ээ болуу жана "Ден Соолук" комплексинин талаптарын тапшырууга окуучулардын ийгиликтүү даярдануусу үчүн объективдүү өбөлгөлөрдү түзөт.

Кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын жана көнүгүүлөрүн орто класстардын окуучуларын жалпы кабыл алынган дене тарбиясына даярдоо ыкмалары менен айкалыштыра кеңири колдонуу ушул машыгуучулар контингентинин окутуу жана тарбиялоо процессин бир кыйла күчөтүүгө жана бир түргө келтирүүгө мүмкүндүк берет. Мындай аспектте жалпы билим берүү мектептеринин окуучулары менен дене тарбия ишин эффективдүүлүгүн жакшыртуу КР азырынча толугу менен чечиле элек.

Өсүп келе жаткан муунду ар тараптуу даярдоодогу жана "Ден Соолук" физкультура комплексин тапшырууга даярдоодогу илимий-педагогикалык көйгөйдү чечүүдө турат. Кыймылдуу оюндарды жана көнүгүүлөрүн колдонуу жалпы билим берүү мектебинде окутуу-тарбиялоо процессин активдештирүүгө жана өркүндөтүүгө мүмкүндүк берүүчү билим берүү-

чү, ден-соолукту чыңдоочу жана тарбиялоочу сабактардын натыйжалуу каражаттары катары көрсөтүлгөн жана негизделген.

Изилдөөнүн жыйынтыгында мектеп дене тарбиясынын теориясында жана методикасында оригиналдуу педагогикалык багыт түзүлгөн.

Иш жүзүндө алгачкы жолу билим берүү мектептеринин окуучуларынын дене тарбиясында жалпы таанылгандар менен элдик каражаттардын ортосундагы байланыш, өзгөчө элдик каражаттарды натыйжалуу пайдалануунун негизинде көрсөтүлгөн,

Бул эмгек дене тарбия адиси катарында автордун көп жылдык илимий жана педагогикалык ишмердигинин негизинде теориялык, методикалык жана тажрыйбалык изилдөөлөрдүн корутундусу болуп саналат.

Изилденген материалдар жана аларды орто класстардын окуучуларынын дене тарбия практикасында пайдалануу, ушул педагогикалык процесстин мазмунун олуттуу деңгээлде байытууга мүмкүндүк берип, сабактардын жалпы жана мотордук жыштыгын дене тарбия көнүгүүлөрү менен жогорулатат жана Кыргызстандын жалпы билим берүү мектептеринде колдонууга сунушталышы мүмкүн.

Биз жүргүзгөн изилдөө Мамлекеттик билим берүү стандартынын мазмунуна жана тарыхый жактан калыптанган билим берүүнүн жана тарбия берүүнүн ченемдик иш кагаздардын талаптарына толугу менен ылайык келет.

- көрсөтүлгөн илимий божомолдун, максатты, милдеттерди жана ушу педагогикалык көйгөйдүн негизги жоболорун аныктоонун илимий жактан негизделгендигинде;

- дене тарбия ишинин практикасына кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын жана көнүгүүлөрүн далилдүү жайылтуунун негизинде жалпы мектептердин орто класстарынын окуучуларынын дене тарбиясынын окуу процессин методикалык жактан камсыздалгандыгында жана теориялык жактан негизделгендигинде, бул башка билим берүү окуу жайларында дагы колдонулушу мүмкүн;

- каралып жаткан маселеге тикелей же кыйыр тиешеси бар жалпы педагогикалык жана атайын адабияттардын изилденгендигинде жана талдангандыгында;

- анкета жүргүзүүдө жана педагогикалык байкоолорду өткөрүүдө;

- дене тарбия сабактарында жана окуучулардын "Ден Соолук" комплексинин талапталарын аткарууга даярдануусунда элдик кыймылдуу оюндарын жана көнүгүүлөрүн колдонууга негизделген илимий педагогикалык тажрыйба жүргүзүлүүсүнөн;

- окуучуларды дене тарбиялык жактан даярдоонун алдыга коюлган милдеттерин эске алуу менен кыргыз элдик оюндарынын жана көнүгүүлөрүнүн классификациясын иштеп чыгууда.

- объективдүү педагогикалык усулдарды топтоону жана маалыматтарды иштеп чыгууну кеңири колдонуу;

- Республикалык "Ден Соолук" физкультура комплексинин талаптарын аткарууга окуучуларды даярдоо учурунда дене тарбиянын элдик ыкмаларын колдонуу көйгөйү жана алардын натыйжалуулугу боюнча илимий-педагогикалык адабияттардын теориялык жактан терең талдангандыгы;

- 2010-2017-жылдар аралыгында изилдөөлөрдүн жүргүзүлгөндүгү;

- көптөгөн сыналуучулардын тартылышы менен педагогикалык экспериментти өткөрүү аркылуу алынган фактылык материалдар;

- "Ден Соолук" республикалык физкультура комплексинин жана дене тарбия боюнча окуу программасынын талаптарын аткарууда кыргыз элдик кыймылдуу оюндарынын жана көнүгүүлөрүнүн натыйжалуулугун айкындоого, алынган көрсөткүчтөрдүн ишенимдүүлүгүн аныктаганга мүмкүндүк берүүчү статистикалык талдоо усулун колдонуу;

- макаланын авторунун чоң педагогикалык стажы менен ырасталат.

Изилдөөлөр жаш муундун мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен ар тараптуу өнүгүү менен өркүндөөнү камсыз кылган билим берүүнүн, тарбиялоонун каражаттары менен усулдарын реформалоонун артыкчылыктуу багыттарын эске алуу менен жүргүзүлдү. Ушуну менен бирге окуучуларды ар тараптуу даярдоо жаатындагы келип чыккан объективдүү жана субъективдүү кыйынчылыктар эске алынган.

Кыргыз Республикасы өсүп келе жаткан муунду дене тарбиялык жактан тарбиялоо бардык жагынан жетилген жарандарга болгон мамлекеттин жана элдин керектөөлөрүн, дене тарбия менен системалуу түрдө алектенүүгө карата ар бир адамдын керектөөсүн канааттандырууну камсыз кылуу аркылуу тынымсыз өркүндөтүлүп жатат.

Балдарды дене тарбиялык жактан тарбиялоонун максаттары жана милдеттери "Билим берүү жөнүндө", "Дене тарбия жана спорт жөнүндө" "Кыргыз улуттук спортунун түрлөрү жана оюндары жөнүндө" КР мыйзамдары, Республикада 2007-2017-жылдарга карата дене тарбия жана спортту өнүктүрүү концепциялары, Окуучулардын дене тарбия сабагы боюнча типтүү программасы, Жалпы билим берүү мектептеринин окуучуларын дене тарбиялык жактан тарбиялоо жөнүндө жобосу, демократиялык коомдо адамдын ар тараптуу жана шайкештикте өнүгүүсү, өсүп келе жаткан муунду тарбиялоо менен аныкталат. Ушулардын бардыгы жаштарды жогорку өндүрүмдүү эмгекке, республиканын коомдук жашоосуна жигердүү катышууга жана Мекенди коргоого даярдоодогу дене тарбиянын принципиалдуу ордун аныктап берет.

Окуучуларды дене тарбиялык жактан тарбиялоону жаңылоодогу өзгөчө роль республикалык "Ден Соолук" физкультура комплексине таандык. Көптөгөн адистер республикалык "Ден Соолук" физкультура комплексин турмушка киргизүүгө байланышкан теориялык, уюштуруу жана методикалык маселелерди чечкенге өз эмгектерин арнашкан: [1,2,3,4,5].

Мамытов А.М. (5) эмгектери "Ден Соолук" комплексинин теориялык жактан негиздөөгө жана практикалык жайылтууга олуттуу салым кошкон.

Автор өсүп келе жаткан муунду ар тараптуу дене тарбиялык жактан тарбиялоонун негизи катары "Ден Соолук" комплексинин чыныгы жалпы элдик маанисин белгилешкен.

Республиканын жарандарынын анын ичинде окуучулардын дене тарбиясынын программалык жана ченемдик негизи катары, комплекс адамдын моралдык жана руханий [illegible] түзүүгө, алардын бардык жагынан шайкештикте өнүгүүсүнө, жогору өндүрүмдүү эмгекке жана Мекенди коргоого даярдоого арналган.

Ошентип, жеке фактылык материалдарды алуу иштери "Ден Соолук" комплексинин талаптарына жана айыл мектептеринин 4-6 класстарынын дене тарбия иштерин жолго коюунун реалдуу шарттарын эсепке алуу менен изилдөөнүн жетишерлик конкреттүү жана актуалдуу максаттары менен милдеттерин аныктоону көздөгөн. Бул күч-аракеттердин мазмундуу жактары элдик кыймылдуу оюндарды жана көнүгүүлөрүн кеңири колдонуу менен байланышкан.

*Таблица 1*

**Эксперименттик жана контролдук класстарда дене тарбия сабактарындагы хронометраждын дайындары (%)**

| Коротулган убакыт | Эксперименттик класстар | | | | Контролдук класстар | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Окуу жылынын башында | | Окуу жылынын аягында | | Окуу жылынын башында | | Окуу жылынын аягында | |
| | 4 | 6 | 4 | 6 | 4 | 6 | 4 | 6 |
| Көнүгүүлөрдү аткаруу | 44,5 | 68.8 | 57,7 | 82.2 | 42,3 | 47,8 | 48.9 | 54,5 |
| Тизилүү, рапорт | 15,5 | 11,2 | 11,2 | 6,7 | 17,7 | 17,3 | 15.5 | 15,2 |
| Түшүндүрүү, көрсөтүү | 28,8 | 13,3 | 22,3 | 6,8 | 26,8 | 21,7 | 24,4 | 19,5 |
| Бош туруу | 11,2 | 6,3 | 8,8 | 4,4 | 13,2 | 13,2 | 11.2 | 10,8 |

Корутунду.

1. Атайын адабияттарды анализдөө жана дене тарбия мугалимдеринин тажрыйбаларын жалпылоо, үйрөнүүгө жана КР жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларын дене тарбиясын тарбиялоого ачык жетишсиз көңүл бөлүнгөндүгүн көрсөтөт.

Ошону менен бирге аталган дене тарбиясын тарбиялоо ыкмаларынын чок ар түрдүүлүгү, Кыргызстандын аймагында болгондордун, мына ушул окуучулар контингенти менен дене тарбия боюнча ишинде аларды кеңири колдонуу үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү түзөт жана аталган кырдаал, мектептердин бир далай бөлүгү ылайыктуу материалдык-техникалык жана методикалык камсыздоосу менен байланышкан. Ушул себептен окуучулар менен иштөөдө аталган дене тарбиясын тарбиялоо ыктарынын ролу жана ордунун илимий-методикалык негизделүүсүнүн актуалдуулугу келип чыгат.

Биз жүргүзгөн элдик кыймылдуу оюндар жана көнүгүүлөрүнүн талдоосу, алардын эрежелерин баяндоо жана регламентациялоо, эң негизги дене тарбиялык сапаттарынын өнүгүүсүнө артыкчылык таасир этүүсүнө карата оюндарды системалаштыруу, дене тарбия боюнча мектеп программасынын мазмунунун көз карашы боюнча негизги кыймылдуу көнүгүүлөрдүн жана билүүлөрүн тактоого мүмкүндүк берет.

Дене тарбиясын тарбиялоо элдик ыкмалар систематикасына ылайык келген, ЭК өткөрүлүүчү дене тарбия сабактарында, колдонулган: гимнастика бөлүмүндө - тең салмактуулук, таянып секирүү, өрмөлөп чыгуу, асылуу жана таяныч элементтери менен оюндар жана көнүгүүлөр; жеңил атлетика бөлүмүндө – чуркоо, секирүүлөр, ар түрдүү тоскоолдуктарды өтүү элементтери менен оюндар жана көнүгүүлөр; сузүү бөлүмүндө – сууда көнүгүүгө мүмкүндүк берүүчү элементтери менен оюндар жана көнүгүүлөр.

Ошону менен, типтүү программа менен сунушталган оюндар, көпчүлүк учурда элдик кыймылдуу оюндар жана көнүгүүлөр менен алмаштыруу керек болчу. Бул дагы эле "Ден Соолук" комплексинин мазмунуна ылайык келип кылынган.

2. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган материалдар, эксперименталдык мазмун жана дене тарбия сабагын жүргүзүү методикасы көрсөттү, кеңири колдонууга негизделген тандалып алынган элдик оюндар жана кыймылдуу көнүгүүлөр, 10-13 жаш балдар жана кыздардын дене боюнун өнүгүүсүнө бир кыйла эффективдүүрөөк таасир этет. Бар болгон мектептин типтүү программасы менен толук дал келген иш алып баруу мындай натыйжа бербейт.

Эксперименталдык далилденген, дене тарбия сабактарында атайын тандалган кыймылдуу оюндар жана көнүгүүлөрүн колдонуу 4-6 класстардын дене бой сапаттарын эффективдүү өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет, мектептер үчүн типтүү программа боюнча иштөөгө караганда. Мына бул планда ЭТ контролдуктарга салыштырмалуу көрсөткүчтөрдүн айырмасы 2-3 жылдан кийин жана алардын олуттуу статистикалык анык. Эксперименталдык топтордогу окуучулардын дене тарбия даярдыгынын жетишкен натыйжаларына себептүү "Ден Соолук" комплексинин нормаларын ийгиликтүү тапшырып жатат (62,2% кыздар жана 68% балдар, салыштырмалуу 34,4% жана 38,4% КТ, $P>0,05$).

3. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары күбөлөндүрөт, эксперименталдык мазмун менен дене тарбия сабактары жана аларды жүргүзүү методикасы мектептин окуу планынын алдыңкы предметтери боюнча жалпы жетишкендигине оң таасир этет.

Сабактардын эксперименталдык программасы окуучулардын кыймыл активдүүлүгүнүн жогорулашын келтирет, алардын ден-соолугунун абалын эске алуу менен. Бул жөнүндө калтырган окуу күндөрдүн жана сабактардын жалпы санынын азайышы күбөлөндүрөт.

Адабияттар:

1. Абдуллаев М. Улуттук оюндар / М.Абдуллаев, М.Кийизбаев, Ч. Акматов. - Бишкек, 2011. - 361-бб.
2. Акматов Ч. 7-8 класстардын дене тарбия сабагында өткөрүлүүчү кыргыздын улуттук кыймыл аракет оюндары Ч. Акматов. - Бишкек,1991 - 112-б.
3. Анаркулов Х.Ф. Кыргыз эл оюндары. - Б., 1991. - 191-б.
4. Жакыпов А.Ж. Исследование эффетивности использования народных средств физического воспитания в системе подготовки к сдаче норм комплекса Ден соолук (ГТО) / А.Ж. Жакыпов // Вестник АГУ им. Абая. Серия: Начальная школа и физическая культура. - Алматы, 2016. - №2.-С.68-71.
5. Мамытов А.М. Дене тарбиянын теориясы жана методикасы: Окуу куралы / А.М. Мамытов. - Бишкек, 2017.

**Рецензент: д.пед.н., профессор Анаркулов Х.Ф.**